**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БОРБОРДУК ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫНЫН СҮЛҮКТҮ АЙМАКТЫК ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫ**

Сүлүктү ш., Раззаков көчө. №1
тел. 03653-60348; факс 03653-60045
e-mail: adm31@shailoo.gov.rg;

**ЦЕНТРАЛЬНАЯ ИЗБИРАТЕЛЬНАЯ КОМИССИЯ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ СУЛЮКТИНСКАЯ ТЕРРИТОРИАЛЬНАЯ ИЗБИРАТЕЛЬНАЯ КОМИССИЯ**

г. Сулюкта ул. Раззакова №1
тел. 03653-60348; факс 03653-60045
e-mail: adm31@shailoo.gov.rg;

№ 01-15/114 « 15 » 03 2021 ж

Кырыгыз Республикасынын Шайлоо жана
Референдум өткөрүү боюнча борбордук
комиссиясына
Сүлүктү аймактык шайлоо
комиссиясынынан

"Бүтүн Кыргызстан" саясий партиясын каттоодон баш тартуу жөнүндө түшүндүрмө

2021-жылдын 11-апрелине дайындалган Кыргыз Республикасынын жергиликтүү кенештерин депутаттарын шайлоосуна Сүлүктү шаардык кенешине талапкер
"Бүтүн Кыргызстан" саясий партиясы 2021-жылдын 20-февралында шайлоого катышаарын билдирип Сүлүктү аймактык шайлоо комиссиясына кат жолдогон болчу.
2021-жылдын 1-мартында саат 24-00дө докумнттерди кабыл алуу мөөнөтү токторун Сүлүктү аймактык шайлоо комиссиясы тарабынан саясий партияларга кабар берилген.
2021-жылдын 1-марты саат 22-50дө "Бүтүн Кыргызстан"саясий партиясысынын атайын өкүлү Мажитов Авылкасым Салиевич Сүлүктү аймактык шайлоо комиссиясына конференциянын чечими, ал чечимде кабыл алынган 47 талапкердин тизмеси жана зарыл болгон документтерин тапшырган."Бүтүн Кыргызстан" саясий партиясынын тапшырган документтерин, документтерди кабыл алуу жана текшерүү боюнча жумушчу тобу текшерип чыгып тизмеде 37 эркек 12 аял бар экенин жана эркектердин саны 70% (пайыздан) ашып кеткенин аныктаган. "Жергиликтүү кенештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамынын 49-беренин 7 бөлүгүндө көрсөткөндөй бир жыныстагы адамдардын 70% (пайыздан) ашпастыгын эске албаганын,ошол эле беренеде аял менен эркектин позициясы эки позиядан ашпасын деген жерин карабай тизмеде 37-катардан кийин 8 (сегиз) эркек катар болуп жазылып калганын жана "Бүтүн Кыргызстан" саясий партиясы берген талапкерлердин тизмесинде 3(үч) талапкердин паспортунун мөөнөтү бүткөнүн 1 (бир) талапкердин талапкерлике жашы жетпегенин аныктаган.
"Жергиликтүү кенештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамында 53-беренин 4- бөлүгүндө көрсөткөндөй документтерди текшерип 10 күндүн ичинде талапкерлердин документтериндеги ылайык келбестиктерди аныктаса саясий партия 48 саатта ондоп келүүгө укуктуу дегенге таянып, "Бүтүн Кыргызстан" саясий партиясын ыйгарым укуктуу өкүлү Мажитов Авылкасым Салиевичке документтердин ылайык келбестигин ондоп келүү үчүн 48 саат мөөнөт берилген болчу,ошол берилген мөөнөттө талапкерлердин тизмесиндеги аял менен эркектин ортосундагы позициясы экиден ашпасын деген жерди ондоо максатында паспортунун мөөнөтү бүткөн жана талапкерлике жашы жете элек талапкерди тизмеден чыгарып талапкерлердин тизмесин
38(отуз сегиз)кылып ондоп тапшырган бул 38 талапкер"Жергиликтүү кенештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамынын 49-беренин 3-бөлүмүнүн 1-бөлүмчөсүндө көрсөткөндой пропорция система боюнча шайлоодо ар бир бирдиктүү шайлоо округу боюнча ошол жергиликтүү кенеш үчүн белгиленген депутаттык

орундардын санынан бир жарым эседен кем эмес ашкан сандагы талапкерлердин санын эске алынышы керектиги ошол "Бүтүн Кыргызстан" саясий партиясы берген 38 талапкердин тизмеси 31 депутаттаттын санынын бир жарым эсе саны 47 ден эм эмес талапкер болуусуна туура келбейт деп документтерди кабыл алуу жана текшерүү боюнча жумушчу тобунун корутундусу менен каттоодон баш тартылгандыгын билдиребиз.

Сүлүктү аймактык шайлоо комиссиясынын төрагасы Н.Исабаев.